# И. Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университети

## Тоо-кен технологиялык колледжинин

## Педагогикалык Кеңешинин №3 протоколу

29.03.2023-жыл

**Катышкандар:**

**Педагогикалык Кеңешинин 32 мүчөсү**

### Күн тартиби

| № | Каралуучу суроолор | Баяндамачы |
|---|---|---|
| 1 | Аккредитацияга даярдык, аудиторияларды өтүлүп жаткан сабактарга ылайыктап бөлүштүрүү жана жасалгалоо | Аракеев М.У. |
| 2 | Тоо-кен технологиялык колледжинин Өнүктүрүүнүн стратегиялык планын талкулоо | Аракеев М.У. |
| 3 | Өндүрүштүк практиканын жыйынтыгы боюнча отчет | Жусупов Р.Р. |
| 4 | Студенттердин финансылык окуу төлөмдөрү боюнча иштердин аткарылышы | Топтордун кураторлору |
| 5 | Ар кандай суроолор: | |

1. Аккредитацияга даярдык, аудиторияларды өтүлүп жаткан сабактарга ылайыктап бөлүштүрүү жана жасалгалоо: *Баяндамачы тоо-кен технологиялык колледжинин директору Аракеев М.У.*
   Баарыңыздарга маалым болгондой быйылкы жылы алгачкы жолу 130404 «Пайдалуу кендерди жер астында иштетүү» багытында 8 студентти буюрса бүтүргөнү турабыз. Өзүңүздөр билгендей өткөн аптада Аккредитациянын алгачкы текшерүүлөрү келди, көптөгөн эскертүүлөр жасалды. Азыр колдон келишинче даярданып, талап кылынган документтерин карап, толуктап, иштеп жатабыз, колледжибиз жаш болгондуктан үйрөнүп жасай турчу иштерибиз абдан көп, учурдан пайдаланып жардам берип жаткан ар бириниздерге терең ыраазычылык билдирем.

2. Тоо-кен технологиялык колледжинин Өнүктүрүүнүн стратегиялык планын талкулоо. *Баяндамачы тоо-кен технологиялык колледжинин директору Аракеев М.У.*

   Аккредитацияда бирден бир карала турчу документ бул - колледжди Өнүктүрүүнүн стратегиялык планын түзүү жана ишке ашыруу. Сиздер менен биргеликте алдыңыздарга таратылган планды жалпылап талкуулап, алымча-кошумчасын жазып, бүгүнкү Кеңешмеде бекитип алсак. Бул планда колледждин миссиясы, алдыңкы 5 жылдыкта коюлган пландар, студенттердин билим сапатын көзөмөлдөө, мугалимдердин квалификациясын жогорулатуу, өндүрүштөр менен келишимдерди түзүү, окуу-методикалык иштерди уюштуруу, материалдык-техникалык базаларды жаңыртуу, ишке киргизүү жана башка маселелер коюлган. Сиздер да кайрадан карап чыгып өзүңүздөрдүн оюңуздарды билдирсеңиздер. Бул маселеге катар колледждин мугалимдерине аккредитацияга тиешелүү документтерге жооптуу катары шайлап алсак: Абитуриенттер боюнча – Мамырбаева Н.К., Ороскулова Г.К., окуу-иштери, педагогикалык кенеш – Исабекова В.Ш., сайттагы жаңылыктар – Орозова Ж.Т., колледждин стартегиялык пландары, тарыхы, структурасы, уставы, нормативдик документтер жана башка жоболор – Аракеев М.У., Ташполотов К.М., тил саясаты жана мугалимдердин квалификациясын жогорулатуу боюнча – Орозова Ж.Т., Жамангулова Н.Т., тарбия иштери – Ташполотов К.М., материалдык-техникалык база – Мырсалиев Ж.Э., студенттердин арасында өткөрүлүүчү маданий иш-чаралар – Жумалиева Г., Эдилбаев С. жана топтордун кураторлору.

3. Өндүрүштүк практиканын жыйынтыгы боюнча отчет. УГУЛДУ ТКТКнин окутуучу, өндүрүштүк практиканын жетекчиси Жусупов Р.Р. Быйылкы бүтүрүүчүлөр «Алтынкен» ЖЧКсы менен келишимдин негизинде жөнөтүлүп, бирок убагында отчеттор жетекчи тарабынан кабыл алынбай кийинки отурумга жылдырылган, мына эми азыр практикага барган студенттер отчеттору жазып, тиешелүү бааларын алышты жана жетекчи тарабынан жалпы отчет жазылды. Жалпылап айтканда практика студенттердин көз карашында канааттандыраарлык болду, көп нерселерди үйрөнө алышты жана студенттерге ушундай өндүрүштөрдө иштеп кетүүгө практика чоң пайдасын тийгизди.

4. Студенттердин финансылык окуу төлөмдөрү боюнча иштердин аткарылышы. *Баяндамачылар: Топтордун кураторлору*

   Жалпылап айтканда бүгүнкү күндө студенттердин окуу төлөмдөрү жарым жылдыкта 60% жетти, окуу жылынын аягына чейин бул көрсөткүчтү максималдуу ишке ашырылышы үчүн кураторлор ата-энелердин Online чогулушун өткөрүп жатышат.

Жогоруда баяндалгандардын негизинде, Педагогикалык кеңеши,

**Токтом кылат:**

1. Аккредитацияга тиешелүү бардык документтер талапка ылайык даярдалсын, аудиторияларды өтүлүп жаткан сабактарга ылайыктап бөлүштүрүү жана жасалгалоо ар бир мугалимге берилсин.
2. Тоо-кен технологиялык колледжинин Өнүктүрүүнүн стратегиялык планы кабыл алынып, пландарды ишке ашыруу Колледждин директоруна жүктөлүп тыкыр көзөмөлгө алынсын
3. Өндүрүштүк практиканын жыйынтыгы боюнча отчет канаттандыраарлык, студенттердин отчеттору жана практиканын жетекчисинин отчету кабыл алынып тиешелүү бөлүмгө берилсин
4. Студенттердин финансылык окуу төлөмдөрү боюнча иштер кураторлор тарабынан улантылсын

**ТКТ колледжинин директору** **Аракеев М.У.**

**Педагогикалык Кеңешинин катчысы** **Исабекова В.Ш.**

**Тоо-кен технологиялык колледжинин**
**Педагогикалык кеңешинин мүчөлөрүн**
**КАТТОО БАРАКЧАСЫ**
**29.03.2023**

| № | Ф.И.О. | Подпись |
|---|---|---|
| 1 | Абдыбекова Ч.Ш. | |
| 2 | Алтымышбаева Л.К. | |
| 3 | Алымбек уулу Ч. | |
| 4 | Анарбаева Ч.А. | |
| 5 | Асранкулова Г.М. | |
| 6 | Бакиева Ж.З. | |
| 7 | Байкелова Г.Ш. | |
| 8 | Жуман кызы Айнура | |
| 9 | Джаналиев Ж.М. | |
| 10 | Утрекеева Ж. | |
| 11 | Жусупжанова К.О. | |
| 12 | Жайлообай к. Ч. | |
| 13 | Жумалиева Г.А, | |
| 14 | Жусупов Р.Р. | |
| 15 | Жамангулова Н.Т. | |
| 16 | Казакова Э.К. | |
| 17 | Кубатов А.К. | |
| 18 | Касымалиева А.А. | |
| 19 | Манапова З.Н. | |
| 20 | Мырсалиев Ж.Э. | |
| 21 | Мазымканова А. | |
| 22 | Мурадилов Э. | |
| 23 | Мусаева Ш. | |
| 24 | Мамырбаева Н.К. | |
| 25 | Муканбет кызы Э. | |
| 26 | Назаров С.О. | |
| 27 | Норузбаев Ж.Д. | |
| 28 | Ибраева Г.Б. | |
| 29 | Райышов А.К. | |
| 30 | Солпиеа З.Р. | |
| 31 | Солтонкулова М.Д. | |
| 32 | Самибаева А.Ж. | |
| 33 | Тыныстанова А.А. | |
| 34 | Тыныстанова Н.А. | |
| 35 | Ташполотов К.М. | |
| 36 | Токбаева З.Т. | |
| 37 | Мааткеримова Б.С. | |
| 38 | Токторалиев Э.Т. | |
| 39 | Джукушова Н.А. | |
| 40 | Орозкулова Г. | |
| 41 | Орозова Ж.Т. | |
| 42 | Ысаков А.Ж. | |
| 43 | Эдилбаев С.Ж. | |
| 44 | Исабекова В.Ш. | |
| 45 | Абдылдабекова Н.А. | |

Адылбекова Н.О.-